Сентябрь

Сөзү: Манас Алымбаев
Обону: Нурбек Болотбеков

Сентябрь, ийиниңди тосчу, солуктайын,
Саргайып, сен да, мен да баратабыз.
Биз качан март, апрель, майга окшоп,
Ажайып, жашыл дүйнө жаратабыз?..

К-ма:
А бирок, экөөбүздү эми таштап,
Турналар жылуу жакты издеп кетет.
Бул жыл да турна моюн түгөйү жок,
Кыштаарын ойлоп жүрөк, муздап кетет...

Сентябрь, кучагың тосчу, буркурайын,
Күүлүүдө менин, сенин жалбырагың...
Тагдырдан байлык, бийлик сурабадым,
Бир гана бакыт сурап, жалдырадым...

К-ма:
А бирок, экөөбүздү эми таштап,
Турналар жылуу жакты издеп кетет.
Бул жыл да турна моюн түгөйү жок,
Кыштаарын ойлоп жүрөк, муздап кетет...

Сентябрь сырым болуп көңүлдү бийлеп жаткан.
Жамгырды сагындым эй, тиктеп асман.
Чагылган кармап алып, ак жамгырды
Кана эле, айдап сага келе жатсам...

К-ма:
А бирок, экөөбүздү эми таштап,
Турналар жылуу жакты издеп кетет.
Бул жыл да турна моюн түгөйү жок,
Кыштаарын ойлоп жүрөк, муздап кетет...